| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>ТЕПКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТЕПКЕНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Тепке айылдык кеңешинин депутаттарынын 28-чакырылышынын кезектүү 10-сессиясы**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**03.02.2023-жыл** **№ 02** **Тепке айылы**

**Тепке айыл аймагынын Тепке, Курбу жана Жылдыз айылдарындагы малдардын баасын (тарифин) бекитүү жөнүндө**

Тепке айыл кенешинин 28-чакырылышынын кезектеги 10-сессиясында Тепке айыл аймагындагы малчыларга жайыттарга жайыт акыларын бекитүү жөнүндөгү маселени карап жана талкуулап Тепке айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. **Жайкы мал жаюу убактысы 1-апрелден 1-декабрына чейин белгиленсин.**
2. Тепке айыл аймагындагы малчыларга жайыттарында жайкы убактылуу жайыт пайдалануунун акы төлөмдөрүн төмөндөгүдөй бекитилсин:

   1. **Жылкы – 100,00 сом** анын ичинен Каракол жана Түп токой чарбасына **50-00 сом**; Тепке жайыт комитетине **50-00 сом**

   2. **Уй баласы – 100,00 сом** анын ичинен Каракол жана Түп токой чарбасына **50-00** сом; Тепке жайыт комитетине **50-00 сом**

   3. **Кой – 30,00 сом** анын ичинен Каракол жана Түп токой чарбасына **15-00 сом**; Тепке жайыт комитетине **15-00 сом**

**3**. Малдарды өз убагында жугуштуу ooруларга каршы эмдөөдөн өткөрүү жагы айылдык ЖВК (жеке ветеринар кызматкерлерине) милдеттендирилсин жана эмдөөдөн өткөрүлбөгөн малдарды жайкы жайыттарга чыгарууга тыюу салынсын.

**4**. Малдын багылышы (туз, дарылоо ж.б.) токойчулуктагы жайыттарды туура жана рационалдуу пайдалануу жагын көзөмөлдөө Тепке айыл өкмөтүнүн жайыт комитетинин кызматкерлерине милдеттендирилсин.

**5**. Мал багуучу менен мал ээлеринин ортосунда келишим түзүүсү сунушталсын.

**6**. Ушул токтом Ак-Суу райондук "Ак-Суу баяны" гезитине жарыялоо үчүн жиберилсин.

**7**. Токтом областтык юстиция башкармалыгына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

**8**. Мал багуучуларга жайыт акы өз убагында төлөө милдеттендирилсин.

**9**. Токтомдун аткарылышына көзөмөл кылууну Тепке айылдык кеңешинин жер жана агрардык реформа боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Калиев Нурзатка жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Сатывалдиев**